КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

10.03. 2026-ж. № 1 Бакай-Ата айылы

**"Ак-Тилек- Максат" муниципалдык мекемесине караштуу жайыт бөлүмүнүн 2026-жылга жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча иш планын бекитүү жөнүндө.**

"Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасына караштуу жайыт бөлүмүнүн 2026-жылга жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча иш планын бекитүү боюнча "Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасынын башчысы Г.Молдобековдун маалымат сунушун угуп, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 3-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасына караштуу жайыт бөлүмүнүн 2026-жылга жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча иш планын бекитилсин.
2. Ушул токтом Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн "bakaiata.kg" расмий сайтына жарыялансын жана Талас облустук юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И.Жакшымбетовго жүктөлсүн.

Төрага: Б.Джакыбалиев.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**10.03. 2026- ж.** **№ 2** **Бакай-Ата айылы**

**"Ак-Тилек- Максат" муниципалдык мекемесине караштуу жайыт бөлүмүнүн 2026-2030-жылдарга жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча иш планын бекитүү жөнүндө.**

"Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасына караштуу жайыт бөлүмүнүн 2026-2030-жылдарга жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча иш планын бекитүү боюнча "Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасынын башчысы Г.Молдобековдун маалымат сунушун угуп, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 3-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасына караштуу жайыт бөлүмүнүн 2026-2030-жылдарга жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча иш планы бекитилсин.
2. Ушул токтом Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн "bakaiata.kg" расмий сайтына жарыялансын жана Талас облустук юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б.Джакыбалиев.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**10.03.2026-ж.** **№ 3** **Бакай-Ата айылы**

**Ичүүчү суунун тарифин бекитүү жана калкты суу түтүк тармагына кошуу тартиби жөнүндө**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу " Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасынын башчысы Т.Молдобековдун Ичүүчү суунун тарифин бекитүү жана калкты таза суу түтүк тармагына кошуу тартиби жөнүндө сунушун карап чыгып талкуулап. Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине ылайык. Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 3-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.2026-жылдан 10-мартынан тартып ичүүчү таза сууга төмөндөгүдөй тариф бекитилсин:
- Ар бир үйдөн айына 100 сом.
- Суу өлчөгүч боюнча
- Физикалык жактардан айына 1 $м^3$ үчүн 15 сом:
- Юридикалык жактардан айына 1 $м^3$ үчүн 30 сом;
- Жеке менчик тамактануучу жайлар, нан бышыруучу жайлар жана мал союучу жайлар 1500 сом же 1 $м^3$ үчүн 30 сом:
- Ресторан "Барчын", мончолор айына 2000 сом:
- Авто жуучу жайларга айына 3000 сом:
- Чач тарач жана дүкөндөрдөн айына 1000 сом:
- Юридикалык мекемелер үчүн бир жанга бир жылга 360 сом.же 1 $м^3$ на 36 сом деп бекитилсин.

2.Таза суу түтүктөрүн үйлөргө жана жер участкаларына киргизүүгө уруксат алуу үчүн
- физикалык жатарга 3500:
- юридикалык жатарга 5000 сом.

3. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын жана Талас облустук юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

# ТОКТОМ

**10.03.2026-ж** **№ 4** **Бакай-Ата айылы**

## Турмуш-тиричилик калдыктарын жана таштандыларды чыгаруу боюнча тарифтерди бекитүү жөнүндө

Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу "Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасынын башчысы Т.Молдобековдун 2026-жылга турмуш-тиричилик калдыктарын жана таштандыларды чыгаруу боюнча тарифтерди бекитүү жөнүндө сунушун карап чыгып талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына ылайык, калктын санитардык-экологиялык абалын жакшыртуу жана турмуш-тиричилик калдыктарын өз убагында чыгарууну уюштуруу максатында Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 3- кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2026-жылдан 10- мартынан тартып турмуш-тиричилик калдыктарын жана таштандыларды чыгаруу
   боюнча тариф төмөндөгүдөй тариф бекитилсин:
   - Бир түтүндөн, ар бир жанга 21 сомдон, орточо 4 кишиге -84 сомдон. Бир жылга 1000 сом;
   - Юридикалык жактардан айына 300 сом.
2. Турмуш-тиричилик калдыктарын чыгаруу ишин уюштуруу жана тарифтердин аткарылышын камсыз кылуу милдети " Ак-Тилек-Максат" муниципалдык ишканасы башчысы Рыспек уулу Айдарга жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Бакай-Ата айылдык кеңештин турак-жай, коммуналдык чарба жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага:** **Б.Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**10.03.2026-ж.** **№ 5** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу Жалпак-Тил жана Кайрыма сугат каналдарын өткөрүп берүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу Жалпак-Тил жана Кайрыма сугат каналдарын өткөрүп берүү боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу "Ак-Тилек- Максат" ишканасынын башчысы А. Рыспек уулунун маалыматын угуп, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышын 4-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн караштуу Жалпак-Тил жана Кайрыма сугат каналдары Бакай-Ата райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүлүп берилсин.
2. Каналдарды өткөрүп берүү-кабыл алуу иштери белгиленген тартипте жүргүзүлсүн жана тиешелүү акт түзүлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын аткаруу жагы Ак-Тилек- Максат" ишканасынын башчысы А. Рыспек уулуна милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**10.03.2026-ж** № 6 **Бакай-Ата айылы**

**2026-жылга жайыт пайдалануучулар үчүн жайыт акысынын баасын бекитүү жөнүндө**

"Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасына караштуу жайыт бөлүмүнүн 2026-жылга жайыт пайдалануучулар үчүн жайыт акысынын баасын бекитүү боюнча "Ак-Тилек-Максат" муниципалдык ишканасынын жайыт бөлүмүнүн адиси Б.Беккуловдун маалыматын угуп талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жетекчиликке алып, депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 3-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2026-жылга Бакай-Ата айыл аймагындагы жайыт пайдалануучулар үчүн жайыт акысынын баасы төмөнкү өлчөмдөрү бекитилсин.

| № | Малдын түрү | Саны (баш) | Жайыт акысы (сом) | Шарттуу малга которуу коэффициенти | Шарттуу малдын саны (баш) | Жайыт акысы үчүн төлөмдүн суммасы (сом) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кой-эчки | 30141 | 20 | 0,2 | 6028.2 | 602820 |
| 2 | Жылкы | 1355 | 100 | 1,0 | 1355 | 135500 |
| 3 | Уй-топоз | 1068 | 100 | 1,0 | 1068 | 106800 |
| 4 | Тай-торпок | | 70 | 0,7 | | |
| | Баардыгы | | | | 8451,2 | 845120 |
| | | | | | | |
| | Жалпысы | | | | | 845120 |

Эскертүү: Жайытка жаңдык малга бир мезгилге - 20 сомдон, уй-жылкыга 100сом, ал эми жаздоо- жайлоо- күздө - кыштоого барган жандык малга бир жылга 80 сом, тай-торпокко 70 сом жана уй-жылкыга 400 сом акы алынат. Бадага жана кесүүгө чыккан малдарга жайыт акы алынбайт.

2. Токтомдун аткаруу жагы "Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасынын жайыт бөлүмүнүн адиси Б.Беккуловго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**